“БЕКИТЕМИН”

Б.Т. Турусбеков атындагы Кыргыз

мамлекеттик дене тарбия жана спорт

академиясынын ректору, п.и.к., доцент

_____________ С.С.Азизбаев

«20» 06. 2023-ж.

Б.Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбия тарыхы кафедрасынын 2023-жылдын № 10 протоколунун кеңейтилип өткөрүлгөн чогулушунун

**К ө ч ү р м ө с ү**

Чогулуштун төрагасы: Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбия тарыхы кафедрасынын башчысы, п.и.д., профессор Токсонбаев Р.Н.

Чогулуштун катчысы: Бектурганова Н.И.

**КАТЫШКАНДАР:**

1. Токсонбаев Р.Н. - п.и.д., профессор (13.00.01)
2. Анаркулов Х.Ф. - п.и.д., профессор (13.00.01; 13.00. 04)
3. Саралаев М.К. - п.и.к., доцент (13.00.04)
4. Мамбетова М.К. — ага окутуучу
5. Исакова Ж.Ж.-п.и.к. (13.00.08)
6. Джунушбаева А.О. - ага окутуучу
7. Мусалиева К.К. - ага окутуучу
8. Бектурганова Н.И. — ага окутуучу
9. Халиалдаева А.С. – ага окутуучу
10. Жаманбаева С.Т. – ага окутуучу
11. Эрмешов Н.Д. – ага окутуучу
12. Масамиров Б.С. – окутуучу

## КҮН ТАРТИБИ:

**1.** Миңбаев Доорбай Абдуллаевич «Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу окуучу жаштарды (12-14 жаштагыларды) патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – Дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук машыгуу, ден - соолукту чыңдоо жана адаптивдүүлүк физкультура адистиги боюча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүн талкулоо.

Диссертациялык иш Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбия тарыхы кафедрасында аткарылды.

Диссертанттын негизги иштеген жери – Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбия тарыхы кафедрасынын аспиранты.

Илимий жетекчи: Х.Ф.Анаркулов, педагогика илимдеринин доктору, профессор.

Миңбаев Д.А. «Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу окуучу жаштарды (12-14 жаштагыларды) патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери» диссертациялык ишинин мазмуну, актуалдуулугу, максаты, милдеттери, изилдөөнүн объекти, предметти, илимий жаңылыгы, коргоого коюлуучу негизги жоболор жана изилдөөнүн жыйынтыктарынан апробацияланышы жана жайылтуусу, диссертациялык иштен алынган илимий көрсөткүчтөрдүн толуктуулугунун чагылдыруусу, диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү жөнүндөгү маалыматтар слайд менен доклады угулду.

**Төрага**: Доклад бүттү. Кимде кандай суроолор бар?

**Саралаев М.К.** – п.и.к., доцент: Эмне себептен, сиз өзүңүздүн изилдөөңүздө 12-14 жаштагы балбандарга көңүл бурдуңуз?

**Жооп:** Урматтуу **Марат Кыдыкеевич**! Биринчиден суроөңузга ырахмат. Чынында эле сиз берген суроо биз тараптан жүргүзүлгөн

диссертациялык иштин өзөгүн түзөт. Ошол себептен, биз адабият булактарынан алынган маалыматтарга таянып, мугалим-машыктыруучулардын ой-пикирлерин көңүлгө алып, жаш балбандардын спорттук, психологиялык ж.б. өзгөчөлүктөрүн көңүлгө алып ушул көйгөйгө кайрылганбыз.

**Исакова Ж.Ж.** – п.и.к.: Изилдөөнүн кандай жоболору, илимий жаңылыгы, практикалык маанилүүлүгү барбы?

**Жооп**: Урматту **Жанна Жаманкуловна**!

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:

- ✓ Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу машыгуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодогу педагогикалык шарттар аныкталынган, теоретикалык жана эксперименталдык жактан негизделинген;
- ✓ Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу машыгуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодогу натыйжалуу формалары, методдору жана педагогикалык шарттары аныкталган;
- ✓ Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу машыгуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодогу критерийлери иштелип чыккан;
- ✓ жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо атайынкы педагогикалык шарттар иштелип чыккан жана сунушталган;
- ✓ жаш балбандардын түзүлгөн патриоттуулук сезимдеринин спорттук чеберчилитерин жогорулатууда, спорттук коллективке тийгизген таасири аныкталган.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор:

- «Манас» эпосунун руханий, адеп-ахлактык, педагогикалык жана патриоттук дөөлөттөрүн окуп-билүүнү, үйрөнүүнү жана сактоо жаш балбандар үчүн патриоттук дөөлөттөрүнөн болот;

- спортсмендердин спорт менен машыгууларга болгон мамилесин жана алардын баалуулуктарына көз караштарына мугалим-тренерлердин жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо Кыргыз улуттук спорттук күрөшүнүн азыркы учурдагы өзгөчөлүктөрүнө берилген көңүлдөрүн, иш-аракеттерин күчөтүүнү талап кылат;

- жаш балбандар үчүн иштелип чыгылган окутуу-машыгуу топторундагы комплекстүү программа, машыгуулар, мелдештер жана убактылары бош учурларда күрөшчүлөрдү патриоттуулукка тарбиялоого эң эле жакшы мүмкүндүк берет;

- жаш балбандарды тарбиялоонун жалпы системасындагы патриоттуулукка тарбиялоодо, спорттук топтогу өз ара мамилелерди, окутуу-машыгуу процессине жана алардын спорттогу көрсөткүчтөрүн жогорулатууга оң таасирин берет.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынан апробацияланышы жана жайылтуусу. Диссертациялык иштин негизги теоретикалык жана практикалык жоболору Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология, ФжСтун тарыхы; улуттук спорт оюндары кафедраларынын Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин ФжС кафедрасынын чогулуштарында талкууланган.

**Исакова Ж.Ж.** – п.и.к.: Айтыңызчы, сиздин оюңуз боюнча кыргыздын улуттук спорттук күрөшүнөн сырткары, өтө маанилүү каражатары катары, дагы эмнелер кирет?

**Жооп:** Урматту **Жанна Жаманкуловна**! Берген суроонузга ырахмат, өтө маанилүү суроо деп эсептейм. Биздин оюбузча, улуттук спорттук күрөшү катары, өтө маанилүү каражаттар катары: кужүрмөндүк, эмгекке жана спортто салттанып калгандар эсептелинет. Ошол себептен, мындай каражаттар жогорку квалификациялуу балбандар менен тарбиялык иш алып барууда кеңири колдонулат.

**Мусалиева К.К. – окутуучу: Башка республикада бул проблемага дагы кимдер дагы көңүл бурушкан?**

**Жооп:** Урматтуу **Кожошкан Кудайбергеновна**! Баарыбызга белгилүү болгондой окуучу-жаштарды тарбиялоонун башка түрлөрү менен, айрыкча нравалык тарбиялоо иштери балдардын эрте курак кезинен башталат. Балдар эрте жаш убагында патриоттуулукка тарбиялоонун кээ бир бөлүктөрүнө көңүл бурула башталат: жүрүм-турумдун, акыл-эстүүлүгүнө, нравалык- патриоттук сезимдерге. Биздин оюбузча, мындай болуулардын себеби, алардын мыйзамченемдүүлүгү, себеби инсандын түзүлүшүнүн негизи эрте жаш курак кезинде кура башталат. Биздин республикада бул проблемага бир канча адистер өздөрүнүн эмгектеринде, ар кандай деңгээлде чагылдырганды аракеттенишкен. Алардын катарында: А.М.Мамытов (2017), Н.И.Шарабакин ( 1997), Б.Х.Анаркулов (2006). Ошондой эле К. Осмоналиев бул проблемага чоң маани берген (2014). Бул мамилени карап жатканда Ч.Т.Айтматовдун (1982), А.Э.Измайловдун (1991) эмгектеринин маанилүүлүктөрүн өзгөчө белгилеп кетүү зарыл.

**Мусалиева К.К.** – окутуучу: Сиздин оюңуз боюнча, спорттук коллектив жаш балбандарга натыйжалуу өз таасирин берүү үчүн эмнелер зарыл болот?

**Жооп:** Урматтуу **Кожошкан Кудайбергеновна**! Биздин оюбуз боюнча: спорттук коллектив, жогорку деңгээлдеги өзүнүн руханий-нравалык акыл-эстүүлүгү боюнча айырмаланып турган балбандардын көбүрөгү болушу зарыл; окуу-машыгуу жана мелдештик ишмердиктерге акыл-эстүү, ак ниеттүү мамиле кылуу, өз ара жардам берүү жана коллективдүүлүктү сезүүсү; спорттук топтун ар бир мүчөсү, өзүнүн тобунун ийгиликтери үчүн моралдык жана жогорку деңгээлдеги жоопкерчиликтерин көрсөтүүсү болот.

**Токсонбаев Р.Н.** – п.и.д., профессор: Биздин республикада патриоттуулук сезимдерин тарбиялоого багытталган кандай иш-чаралар өткөрүлүп турат?

**Жооп**: Урматтуу **Рыскелди Нурмамбетович**! Көптөгөн кемчиликтерге жана каталарга карабай, республикабызда бир канча илимий-практикалык конференциялар өткөрүлүп турат. Мисалы, 2019 жылы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын базасында жаш окумуштуулар жана

магистранттардын конференциялары өткөрүлдү. Андан сырткары Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча Советтер Союзунун баатыры Самат Садыковдун жаркын элесине арналгансалттанып калган мелдеш (9 Май күнү), ошондой эле аскер-интернационалчы, СССРдин спорт чебери В.Гордеевдин, Советтер союзунун баатыры И.В.Панфиловдун жаркын элесине арналган эл аралык мелдештер өткөрүлүп турат.

**Токсонбаев Р.Н.** – п.и.д., профессор: жаш балбандар менен патриоттук сезимдерин түзүүдө мугалим-машыктыруучулар кандай иш-аракеттерди жазашкан?

**Жооп:** Урматтуу **Рыскелди Нурмамбетович**! Балбандардын патриоттук сезимдерин түзүүдө иш-чаралардын мазмундарына талдоо жүргүзүүнүн негизинде мугалим-машыктыруучулар өздөрүнүн көңүлдөрүн улуттук спорттук күрөштүн тарыхына, өнүгүүсүнө, прикладдуулугуна, балбандын нравалык облигине, күн тартибин сактоого, туура тамактанууга, мектептеги жетишкендигине, балбандын эл аралык мелдештерде жетишкен ийгиликтерине, КР куралдуу күчтөрүндө кызмат өтөөгө, КР гимни көңүлдөрүн бурушат.

**Эрмешов Н.Дж.** – ага окутуучу: Балбандардын маанилүү патриоттук сапаттарына жана ниеттерине кайсылар кирет?

**Жооп:** Урматтуу **Нурболот Джолдошбекович**! Балбандардын маанилүү патриоттук сапаттары жана касиеттери катарында: Кыргыз улуттук спорттук күрөшкө, өзүнүн спорттук тобуна берилгендиги, КР менен сыймыктануусу, жогорку спорттук жетишкендиктерге – максаттуу умтулусу, спорттук жетишкендиктерди даңтоого бардык күч-кубаттын жумшоого даяр болуусу менен алдындагы атуулдук парызы, жоопкерчилиги, чечкиндүүлүгү, күндөлүк спорттук машыгуулардын, туура тамактануунун, жеке жана коомдук гигиенаны сактоону, руханий-нравалык жактан тарбияланган, эрк күчтүүлүгү д.б.

**Мамбетова М.К..** – окутуучу: Жаш балбандардын патриоттуулукка тарбиялангандыктарынын деңгээли кандай болду?

**Жооп:** Урматтуу **Мадина Кожомкуловна**! Биздин изилдөөбүздүн негизинде үч топтук балбандардын (жогорку, орто жана төмөнкү) ар кандай деңгээлде өнүккөн патриоттук сезимдери аныкталынды.

Биринчи топтогу балбандар патриоттуулукка тарбияланган деңгээли, баардык балбандардын саны 25,60% түздү.

Экинчи топтогу балбандар – 45,40% түздү.

Үчүнчү топтогу балбандар – 28,0%.

**Халиалдаева А.С.** – ага окутуучу: “Манас” эпосу менен Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу башталгыч спорттук топтогу машыгуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодо кандай байланыштар бар?

Жооп: Урматтуу **Айнура Саматовна**! Биз “Манас” эпосунун руханий, нравалык, педагогикалык жана патриоттук дөөлөттөрүн ачып көрсөтүүгө аракеттендик. Ошондуктан “Манас” эпосундагы патриоттуулукту, Каныкейдин образынын руханий-адептик жана патриоттук дөөлөттөрүн, Кошой менен Жолойдун таймашуусу жөнүндө баяндоо менен кыргыздардын өз эли-жерин, биримдигин, эркиндигин сактап калганын, жаштарды патриоттуулук сезимдерин тарбиялоодо үлгү катары кайрылдык.

**Джунушбаева А.О.** – ага окутуучу: Балбандардын патриоттук сезимдеринин чыгыштары кантип аныкталды?

**Жооп:** Урматтуу **Аида Ормонбековна**! Балбандардын патриоттук сезимдеринин келипчыгыштары эки сурамжылоо баракчасында көрсөтүлгөн суроонун жыйынтыктарынын негизиндеаныкталынды:

1. Ушул окуу-машыгуу топко өзүңүздүн тиешеңизди кандай баалайсыз?
2. Эгерде сизге мүмкүнчүлүк берилип калса (ылайыктуу шарт пайда болуп калса) сиз кыйылбай эле, машыгуучуларды улантуу үчүн башка мугалим-машыктыруучуга өтөсүзбү?

**Джунушбаева А.О.** – ага окутуучу: Балбандардын патриоттулукка тарбиялоонун натыйжалулугун аныктоо максатындакандай критерийлер колдонулду?

**Жооп:** Урматтуу **Аида Ормонбековна**! Биз балбандарды патриоттулукка тарбиялоодо: окуу-машыгуу, спорттук мелдештерге; окуу-машыгуу тобуна; мектептеги билим алууга; билимге; коомдук жерлердеги жүрүм-турумдар; спорттук коллективдин биримдүүлүгү; спорттук коллективке берилгендиги критерийлери болду.

**Төрага:** Менин оюм боюнча диссертантбаардык суроолорго толук жана канааттандырарлык жооп берди.

Диссертантка каалоолор катарында айтарыбыз: бул өтө зарыл илимий ишти аткарууда бир канча техникалык, грамматикалык жана стилистикалык каталар байкалат.

Биздин оюбузча диссертациянын темасын «Кыргыз улуттук спорттук күрөшү 12-14 жаштагы окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык ншарттары» жакшыраак болмок.

Жалпысынан алганда, бул диссертациялык ишти коргоого сунуштасак болот.

**Төрага:** Кийинки сөз рецензет педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Саралаев М.К.ке берилет.

**Саралаев М.К.**: Урматтуу коллегалар!

Адамдын бүтүндүгү эң алдын нравалык-патриоттуулукка тарбиялоодо көрсөтүлөт. Тарбиялоодогу тараптардын биримдүүлүгү психикалык, нравалык жана физикалык ден соолукту резервдерин жогорулатат, ишкердиктин ар түрдүү тармактарында өздөрүн мүмкүнчүлүк көрсөтүүгө шарт түзүлөт. Жаштар менен иштөөдө элибиздин тарыхый улуттук физикалык көмдүндүүлөрдүн, өзгөчө, кыргыздын улуттук спорттук күрөшү зор мааниге ээ болууда.

**Изилдөөнүн максаты -** Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу башталгыч спорттук топтогу машыгуучуларды патриоттуулукка түзүүдөгү педагогикалык шарттарын негиздөө.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Манас эпосунун руханий, нравалык, педагогикалык жана патриоттуулук дөөлөттөрүн ачып көрсөтүү.

2. Кыргыз улуттук спорттук күрөшүү менен машыккандарды патриоттуулукка тарбиялоонун илимий-педагогикалык өбөлгөлөрүнө талдоо жүргүзүү жана салыштыруу.

3. Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу машыгуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодогу эксперименталдык программаны (иш чараны) иштеп чыгуу жана аларды негиздөө, окутуу-машыгуу процессинин мазмунун жеткиликтүү кылуу.

Диссертациянын биринчи главасы «Манас» эпосунун руханий, адеп-ахлактык, педагогикалык жана патриоттук дөөлөттөрү» деп аталып, анда изилдөөнүн биринчи милдетин чечилиши баяндалды. Бул главада изилдөөнүн темасы боюнча эл-жерди коргоодо, жеңишке жетишүүнүн, бир бирине каршы болгон элдердин ортосунда бейпилдикти орнотуунун зарылдыгы жөнүндөгү баатыр Манастын патриоттук идеялары менен ал тилек – үмүттөрдү тынымсыз уруш-согуштардын мезгили болуп калган жоокер-коргоочулук доорунда иш жүзүнө ашыруунун кыйынчылыгынын ортосундагы бүтпөс карама-каршылык кайгылуу жыйынтык эр-баатырдын өз эли-жери үчүн күрөшүүдө өлүмгө алып келген. Эпостун трагедиялуулугунун мазмуну Ала Тоо элин бактылуу болоруна ишенүүнү, үмүттөөнүүнү, өчпөстүгүнө, күч-кубатынын туура пайда кылып, бийик сезимди бизге жаратып бергендигинде.

Элдин ар-намысын коргоо үчүн Кошой аксакалдын Жолой менен күрөшүүгө чыгып, элдин абийирин сактап калганы.

«Манас» эпосунун руханий, адеп-ахлактык, педагогикалык жана патриоттук идеялары жөнүндө Ч.Айтматовдун төмөнкү сөздөрүн айтуу туура болот го деп эсептейбиз: «Эпостун эң негизги идеясы, анын бүткүл кан тамырын аралап өткөн идея адамзаттын жаралышынан бери адамды аздырып-тоздуруп, кубантып-сүйүнтүп, издентип, улам алдыңкы максаттарга умтулуп, адам чалыгып, чарчап баратканда ага канат байлап, күч кубат берип, дем берип келген өлбөс, карыбас идея» (1982).

Диссертациянын экинчи главасы «Изилдөөнүн объектиси, предмети, спорттук күрөш менен машыккандарды патриоттуулукка тарбиялоонун илимий – педагогикалык өбөлгөлөрү жана менчиктик фактылык материалдарды алуунун методдору» деп аталат.

ФжС боюнча азыркы илимий-педагогикалык булактарында жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо жетишердүү бүгүнкү күндүн суроо-талаптарынын, муктаждыктарын камсыздандыруучу так жазылган программалардын жетишсиздиги. Ушуларга байланыштуу жаш балбандардын патриоттуулук сезимдерин тарбиялоодо бирдей түшүнүк жана ыкмалар азырынча түзүлө элек.

Жаш балбандардын спорттук мектептеринин документтеринде пландаштырууда жана аларды патриоттуулукка тарбиялоодогу иш-аракеттерде бир канча кемчиликтер аныкталды. Ачылган кемчилдиктер, каталыктар, жетишпегендиктер патриоттулукка тарбиялоонун натыйжалуу деңгээлде уюштуруу жана балдардын спорттук мектептеринин материалдык-техникалык базаларынын абалдарынын, ошондой эле атайынкы илимий-методикалык иштердин жетишбегендиги, балдар менен иш алып баруучу адистердин, администрация өкүлдөрүнүн, методистердин, мугалим-машыктыруучулардын методикалык жактан начар даярдыктары менен байланышышкан. Жаш балбандар менен патриоттуулукка тарбиялоо иш-аракеттери көбүнчө натыйжалуу каражаттарды, формаларды жана методдорду тартиптүү түрдө колдонулбайт. Өзгөчө тарбиялык иштер, мелдештер, окуудан жана машыгуудан бош убактыттарда сейрек өткөрүлөт. Ошондой эле балбандар үчүн маанилүү сапаттар: толук мобилизациялоо, өзүнүн спорттук коллективине, мугалим-машыктыруучуга, Ала Тоого, акыл-эсин, күч-кубаттын жумшоо, коомдук активдүүлүгү, күн тартибин сактоону, машыгуу, тамактануу, жеке жана коомдук гигиенаны сактоонун ж.б. маанилүүктөргө жетишердүү көңүл бурулбагандыктар ачык көрсөтүлгөн.

Үчүнчү глава «Жаш күрөшчүлөрдү патриоттуулукка тарбиялоодогу эксперименталдык программаны (иш-чараны) негиздөө» деп аталып,

балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо маанилүү максаттар коюлган. Алар: КР ФжС, анын катарында улуттук спорттук күрөштүн тарыхы, ардактуу инсандардын өмүр баяны, окуу-машыгуу, спорттук мелдештерге катышуу убагында, коомдук жерлерде өзүнү алып жүрүү, ылайыктуу билимдин көлөмүн чогултуу; мекенди сүйүү, аны коргоо, сыймыктануу, менен балбандардын аң сезимин түзүү; мекенди коргоого дал келүүчү патриоттук сапаттарды жана касиеттерди тарбиялоо; улуттук патриоттук сезимди түзүү; окуу-машыгуу спорттук топко, агайларга ж.б. урмат-сый көрсөтүү, билим берүүдө, ФжСко, коомдук-пайдалуу ишмердиктерге жоопкерчиликтүү мамиле кылууну тарбиялоо болот.

Психологиядагы белгилүү ой-пикирлерди көңүлгө алуу менен, инсандын тандап алган адистигине болгон кызыгуусунан келип чыгышын, инсандын эмоционалдык сферасына таасир этүү зарылдыгы, аларды жаш балбандар менен таалим-тарбиялык иш-аракеттерди уюштурууда, алып барууда сактоо керектиги аныкталынган.

Тарбиялык иш-аракеттерди өткөрүүдө балбандардын өздөрүнө өздөрү баа бергендерине маанилүү орунга берилген.

ЭТгу балдар үчүн негизги коюлган максаттарга жетүү-умтулуу, эмгектенүүнү сүйүү, машыгуулардын, жеке жана коомдук гигиенанын, туура тамактануунун ж.б. максаттарга жетүүдөгү ролун түшүндүрүлгөн.

Адабият булактарына талдоо жүргүзүүнүн негизинде, патриоттуулукка тарбиялоодо эффективдүү формалар тандалынып алынган: аңгемелешүүлөр, диспуттар, тарыхый жерлерге баруу ж.б.

Балбандардын патриоттуулукка тарбиялоонун натыйжалуулугун аныктоодо, критерийлери катары: окууга-машыгууга; спорттук мелдештерге; өзү машыккан топко; мектептеги жалпы билим алуусуна; билимге; коомдук жерлердеги жүрүм-турумдарына; коллективдүү биримдикке; спорттук жамаатка берилгендиги колдонулунду.

ПЭ жүрүшүндө балбандарга тарбиялык иш-аракеттердин тийгизген таасирлеринен кийин патриоттуулук сезимдеринин түзүлүшүндө бир кыйла оң өзгөрүүлөр байкалган (3.4; 3.5 таблицалар).

ЭТ баштапкы деңгээлдин коэффициент корреляциясы 0,210 баштап 0,590 чейин, жетишкен деңгээлдеринин акыркылары болсо 0,450 жана 0,780га чейин жетишкен.

ЭТ билимге болгон мамилесинин баштапкы деңгээли 2,20 балл болсо, КТ-2,30 баллды түзгөн, эң жогорку 3,10 балл ЭТ жана КТ 3,0 балл окууга-машыгууга болгон ж.б.

Ошентип, Кыргыз улуттук спорттук күрөшү менен машыгышкан жаш балбандарды патриоттуулукка тарбиялоодо эксперименталдык иш-чаралардын натыйжалуулугу аныктоо үчүн өткөрүлгөн изилдөөлөр, илимий изилдөөлөрдөн алынган көрсөткүчтөр толугу менен коюдган милдеттерди иш жүзүнө ашырууга мүмкүнчүлүк берди.

Бул диссертациялык иште, жогоруда көрсөтүлгөн бир катар жетишкендиктер менен, айрым кемчиликтер да байкалат:

1. Биздин оюбузча диссертациялык иштин темасына, ошондой экинчии милдеттин аталышына корректировка болушу керек.

2. Диссертациялык иштин текстинде техникалык жана орфографиялык каталарбайкалат.

**Төрага:** Кийинки сөз рецензет педагогика илимдеринин доктору, профессор Токсонбаев Р.Н.ке берилет.

**Токсонбаев Р.Н**.: Урматтуу коллегалар!

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер! Д.А. Миңбаевдин диссертациялык ишин талкуулоолор жүрүшүндө, рецензеттер жана жарыш сөзгө чыккандар тарабынан көрсөтүлгөн (айтылган) кемчиликтерди жана каталарды көңүлгө алуу менен бизге кафедра төмөнкү корутундуну кабыл алууну сунуштайт.

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу азыркы коомдогу жаңылануу шарттарында тамыры менен өзгөрүүлөр жаралууда: башкача айтканда, жаштардын улуттук баалуулук, нравалык, патриоттуулукка

багытталуусу. Азыркы жаштар бир жагынан, ар кандай себептердин натыйжасында элибиздин нравалык-патриоттуулук баалуулуктарды байкашбай жана баалабай калууда. Ушул себептердин натыйжасында, жаштарга натыйжалуу таасир этүүчү каражаттарды издөө зарылчылыгы келип чыкты, алар өз учурунда жаштарды нравалык, психологиялык жана физикалык (дене бойлук) ден соолугун чыңдоого жана сергек жашоого мүмкүндүк берет. Ошондуктан жаштарды тарбиялоо процессин, системасын талапка ылайык жаңылоонуусу курч маселелердин бири болуп эсептелинет. Тарбиялоо процессинин жаңылануусу нравалык-патриоттуулукка тарбиялоону жана инсандын дене бойлук (физикалык) жеткиликтүүсү, буларга муктаждыкты түзүү болот. Ошол себептен Кыргыз улуттук спорттук күрөшүнүн чоң илимий педагогикалык потенциалын негиздөө жана пайдалануу, ар тараптуу дене тарбиялоодогу натыйжалуу каражаты катары, улуттук патриоттуулукка тарбиялоо системасын мыктылоо окуучу жаштардын талаптарын канаатандыруу болот.

**Изилдөөнүн максаты** – Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу башталгыч спорттук топтогу машыгуучуларды патриоттуулукка түзүүдөгү (тарбиялоодогу) педагогикалык шарттарын негиздөө.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Манас эпосунун руханий, нравалык, педагогикалык жана патриоттуулук дөөлөттөрүн ачып көрсөтүү.

2. Кыргыз улуттук спорттук күрөшү менен машыккандарды патриоттуулукка тарбиялоонун илимий-педагогикалык өбөлгөлөрүнө талдоо жүргүзүү жана салыштыруу.

3. Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу машыгуучуларды патриоттуулукка тарбиялоодогу эксперименталдык программаны (иш чараны) иштеп чыгуу жана аларды негиздөө, окутуу-машыгуу процессинин мазмунун жеткиликтүү кылуу.

**Изилдөөнүн теоретикалык мааниси** – жаш балбандар менен тарбиялык иш-аракеттерин кеңейтет жана изилдөөдөн алынган илимий

жыйынтыктар аларды толуктайт; жаш балбандарды патриоттуулук сезимдерин түзүү методикасына теоретикалык жана тажрыйбалык (эксперименталдык) жактан негизделинген.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү**:

спорттук машыгуучуларды тарбиялоо, аларды илимий-методикалык жактан камсыздоо, окутуу-тарбиялоо процессин натыйжалуулугун жогорулатуу, спорттукка даярдоо жана жаш балбандардын патриоттуулук сезимдерин түзүүнү жакшыртууга мүмкүндүк берүүлөрү иштелип чыгылган жана тартылган. Спорттук машыгуулар чөлкөмүндө атайын программа иштелип чыгылган:

- "Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу жаш балбандар үчүн патриоттуулукка тарбиялоодогу педагогикалык шарттар";
- изилдөөдөн алынган илимий материалдар учурда колдонулуп жаткан программаларды, иш пландарын жана башка документтерди мыктылоодо, нравалык-патриоттукка тарбиялоодо жана башка көнүгүүлөрдө мугалим-тренерлерди даярдоо системасында, алардын адискөйлүк квалификациясын жогорулатуу курстарында жана спорттук-педагогикалык адистерди кайра даярдоо, тандап алган спорттун түрлөрүнө карабастан, алар реалдуу пайдаланышса болот;
- жаш балбандар үчүн патриоттуулукка тарбиялоодо сунушталынган педагогикалык шарттардын мазмундарын, формаларын жана методдорун окутуу-машыгуу процессинде, ошондой эле алардын натыйжалуугун жана сапаттарын жогорулаттууга мүмкүндүк берет;
- Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу машыгуучулар үчүн атайынкы программа иштелип чыккан жана сунушталынган;

Жогоруда негизделинген (формулировкаланган) илимий корутундулар жана практикалык сунуштар башка спорттун түрлөрүндө спорттукка

даярдоодогу окутуу-машыгуу процессинде патриоттуулукка тарбиялоо максатында да пайдаланышса болот.

Спорттук - педагогикалык адистерди кайра даярдоодо, тандап алган спорттук түрлөрүнө карабастан, алар реалдуу пайдаланышса болот:

- жаш балбандар үчүн патриоттуулукка тарбиялоодо сунушталынган педагогикалык шарттардын мазмундарын, формаларын жана методдорун окутуу-машыгуу процессинде, ошондой эле алардын натыйжалуугун жана сапаттарын жогорулаттууга мүмкүндүк берет;
- Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу машыгуучулар үчүн атайынкы программа иштелип чыккан жана сунушталынган;
- негизделинген илимий корутундулар жана практикалык сунуштар башка спорттун түрлөрүндө спорттукка даярдоодогу окутуу-машыгуу процессинде патриоттуулукка тарбиялоо максатында да пайдаланышса болот.

Жалпысынан алганда, иш жакшы жазылган, илимий көрсөткүчтөр ишенимдүү, коргоо сунушталса болот.

**Төрага:** Рецензеттер тарабынан көрсөтүлгөн кемчиликтерге жана каталарга жооп берүү үчүн сөз диссертантка берилет.

**Жооп:** Урматтуу Марат Кадыкеевич жана Рыскелди Нурмамбетович кафедранын мүчөлөрү! Биринчиден, сиздерге биздин диссертациялык ишибиз жөнүндөгү оң ой-пикир айтылып, терең объективдүү талдоо жүргүзгөндөрүңүздөрдө терең ыраазычылык билдиребиз!

Сиздер айткан каалоолоруңарды, кемчиликтериңерди кабыл алабыз, алардын баардыгы туура деп ойлойбуз, ошондуктан аларды жоюуга баардык мүмкүнчүлүктөрүбүздү жумшайбыз.

Сиздерге дагы бир жолу ыраазычылык билдиребиз!

**Төрага:** Мындан ары талкууга өтөбүз. Урматту кесиптештер! Кимде кандай ой-пикир бар?

**Саралаев М.К. – п.и.к., доцент**. Урматтуу кесиптештер! Чынын айтсам бул диссертациялык иш мага терең жана кенен жаштарды ар тараптуу тарбиялоодо “Манас” эпосунун руханий, адеп-ахлактык, педагогикалык жана патриоттук дөөлөттөрүн туура пайдалангандыгында.

Менин оюм боюнча “Манас” эпосундагы патриоттук, Каныкейдин образын руханий, адептик жана патриоттук дөөлөттөрү, Кошой менен Жолойдун таймашуусу, патриоттуулук – инсандардын комплекстүү сапаты катары алгачкы жолу илимий-методикалык көз караштар менен изилденүүдө.

Жаштарды патриоттуулукка тарбиялоодо кыргыздын улуттук спорттук күрөшүнүн натыйжалуу колдонуу психологиялык-педагогикалык мааниге ээ болууда, жаштарды ар тараптуу тарбиялоодо кыргыз элинин көптөгөн кылымдар бою чогулткан, тандап алган баа жеткис тажрыйбаларын сактап, кылдаттык менен муундарга берип келген, ошолор менен бирге ар тараптуу тарбиялоодо пайдалануучу натыйжалуу каражаттарды, формаларды жана методдорду, алар бүгүнкү күндө да эң натыйжалуу болуп эсептелинет.

Автор тарабынан, патриоттуулукка тарбиялоодо атайын жүргүзүлгөн теориялык-педагогикалык талдоо жанажалпылоо “Жаш балдардын спорттук мектебинде Кыргыз улуттук спорттук күрөшү менен спортукка даярдоонун баштапкы этабында патриоттуулукка тарбиялоонун атайынкы педагогикалык шарттарын илимий көз менен кароо зарылчылыгы аныкталынган.

Жаш балбандарды патриоттуулука тарбиялоодо изилдөөчү Ч.Т.Айтматовдун жана А.Э.Измайловдун эмгектериндеги кыргыз элинин педагогикасындагы нравалык-патриоттуулукка тарбиялоо идеясын таянган.

ЭТ менен иш-аракеттерди алып баруу процессинде, балбандарды окуу-машыгуу тобунда күрөшчүлөр өздөрүнө көз караштарын сезүүгө, алардын руханий-нравалык мамилерге шарттарды жаратууга аракеттенген. Ушундай шарттарда балбандарда өздөрү аткарган иштери үчүн спорттук топтун алдында жоопкерчиликтери, өздөрүнө жана жолдошторуна талаптарды коюууну тарбиялаганы аракеттенген.

Балбандардын патриоттуулукка тарбиялоосунун натыйжалуулугу төмөнкүлөргө байланыштуу болот: биримдүүлүктү; коллективдүү интеграциянын жогорку деңгээлин түшүнүү катарында; спорттук топтогу психологиялык атмосфера, референттүүлүк, ар бир балбандын физкультура-спорттук ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарына жоопкерчилиги, окутуу-машыгуу топтун түзүлгөн деңгээли.

Биздин оюбузча, Д.А.Миңбаевдин диссертациялык иши КР ЖАКтын талаптарына толугу менен жооп берет, ошондуктан бул жумушту коргоого сунуштасак болот.

**Исакова Ж.Ж., п.и.к.:** Урматту кесиптештер! Диссертациянын автору тарабынан патриоттуулукка тарбиялоонун жана практикасында, кыргыз элдик педагогикасында, дене тарбия жана спорт педагогикасында жаш балбандар менен машыгууда (илимий педагогикалык иш алып барууда), туруктуулашып калган ой-пикирлерди жана алардын интеллектуалдык, психологиялык, нравалык-патриоттук сезимдеринин деңгээлдери (жогорку, орточо, төмөн) көңүлгө алуу зарылчылыгы келип чыкканы аныкталынган.

Биздин оюбузча, мындай абал спортсмендер менен тарбиялык иштерди алып барууда мыйзам ченемдүү болуп эсептелинет, аларга ылайыктуу болгон мазмундарын, формаларын жана методдорун жаш балбандарды патриоттук сезимдерин натыйжалуу түзүүгө багытталган.

Изилдөөлөрдүн негизинде алынган далилдик материалдар патриоттук сезимдерин тарбиялоодо колдонуучу натыйжалуу каражаттар, формалар жана методдор балбандардын жаш курактык, жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүн, спорттук даярдыктарынын натыйжалуулугун аныктоого шарт түзөт.

Биздин оюбузча, жаш балбандар менен тарбиялык иш-аракеттерин кеңейтет жана изилдөөдөн алынган илимий жыйынтыктар аларды толуктайт, күрөшчүлөрдү патриоттук сезимдерин түзүү методикасына теоретикалык жана тажрыйбалык жактан негизделинген.

Мен бул ишти колдойм жана коргоого сунуштайм.

**Мусалиева К.К., ага окутуучу**: Урматту кесиптештер!

Заманбап коомдогу жаңылануу шартында тамыры менен өзгөрүүлөр жаралууда, башкача айтканда, жаштардын улуттук баалуулук, нравалык, патриоттуулукка багыталуусунда. Азыркы жаштар бир жагынан, ар кандай себептердин натыйжасында элибиздин нравалык-патриоттуулук баалуулуктарды байкашпай калууда. Ушул себептердин натыйжасында, жаштар натыйжалуу таасир этүүчү каражатарды издөө зарылчылыгы келип чыгууда, алар өз учурунда жаштарды нравалык- психологиялык жана дене бойлук (тарбия), ден соолугун чыңдоого жана сергек жашоого мүмкүнчүлүк берет. Ошондукарды патриоттуулука тарбиялоо процессинин системасын учурдагы талапка ылайык жаңылануусу курч маселелерин бири болуп турат. Тарбиялоо процессинин жаңылануусу нравалык-патриоттуулукка жана инсандын дене бойлук жетилүүсү, булрга муктаждыкты түзүү болот.

Себеби, республикабыздын бүгүнкү күндөгү өнүгүүсүндө ар кандай сырткы жана ички факторлор спорттун ал же бул түрү менен машыккандарды, айрыкча окуучу-жаштарды патриоттук аң сезимдерин түзүүдө белгилүү кемчиликтери жана кетирген каталары байкалууда. Булар жөнүндө мекенибизден сыртка кетишип жатышкан спортсмен, врачтар ж.б. адистер жөнүндө айтсак болот. Алардын аң сезиминде: мекенди сүйүү, урматтоо, берилгендиги, Ала Тоону кыйбастыгы, педагог-машыктыруучуну, өзү машыккан спорттук топту, атуулдук милдетти, жоопкерчиликтүү сапат-касиеттеринин түзүлбөгөндүгү.

Биздин оюбузча, мындай көрүнүштөрдүн себеби спортчулар менен патриоттук аң сезимдерин түзүүдө максаттуу багытта иш-аракеттерди уюштуруу жана аткаруулардын жетишсиздигин себебинен, ошолор менен бирге спорттук педагогдордун жаштар менен нравалык-патриоттуулукка тарбиялоодо адискөйлүк-педагогикалык даярдыктарынын деңгээлдери жетиштүү эместигинен келип чыгууда.

Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу окуучу-жаштарды патриоттук сезимдерин тарбиялоодо, бүгүнкү зарыл көйгөйлөрдүн бири десек болот. Ошондуктан бул ишти колдойм жана коргоого сунуштайм.

**Мамбетова М.К. ага окутуучу**: Урматтуу кесиптештер!

Кыргыз улуттук спорттук күрөшүнүн чоң илимий педагогикалык потенциалын негиздөө жана пайдалануу, ар тараптуу дене бойду тарбиялоододогу натыйжалуу каражаты катары, улуттук патриоттуулукка тарбиялоо системасын мыктылоо окуучу-жаштардын бүгүнкү талаптарын канаатандыруу болот деп эсептейм.

Ушул көйгөйдү чечүүдө автор тарабынан көптөгөн иш-аракеттерди жумшаганы байкалып турат. Андай иш-аракеттерди аткарууда Д.А.Миңбаевдин жеке салымы зор. Ошолордун катарында: Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топто машыгуучулардын патриоттуулукка тарбиялоодо теоретикалык жоболору ачылган жана патриоттуулукка тарбиялоодо колдонуучу натыйжалуу каражаттар, формалар жана методдор, ошондой эле педагогикалык шарттар аныкталган; жаш балбандардын үчүн патриоттуулукка тарбиялоодо педагогикалык шарттардын критерийлери атайынкы күрөө иштелип чыкканында; патриоттук сезимдердин түзүлүшүнүн жаш балбандардын техника-тактикалык чеберчиликтерин жогоруулатууга, алардын спорттук коллективке болгон мамилелерине берген таасири аныкталынган.

Мындай актуалдуу көйгөйдү талкулоо өткөрүп жатып, анын практикалык маанилүүлүгү жөнүндө айтпайкоюууга болбойт. Алар: машыктыруучуларды тарбиялоо, илимий-методикалык жактан камсыздоо, окуу- тарбиялоо процессин натыйжалуулугун жогорулатуу, спорттукка даярдоо жана жаш балбандардын патриоттуулук сезимдерин түзүүнү жакшыртууга мүмкүндүк берүүлөрү иштелип чыккан. Спорттук машыктыруучулар чөлкөмүндө атайын программа (иш-чара) Кыргыз улуттук спорттук күрөшү боюнча башталгыч спорттук топтогу жаш балбандар үчүн патриоттуулукка тарбиялоодогу педагогикалык шарттар иштелип чыккан; изилдөөдө алынган илимий материалдар учурунда колдонулуп жаткан программаларда, иш пландардын жана башка докементтерди мыктылоодо, нравалык патриоттуулукка тарбиялоодо жана башка көнүгүүлөрдө мугалим-

машыктыруучуларды даярдоодо системасында, алардын адискөйлүк квалификациясын жогору курстарда жана спорттук-педагогикалык адистерди кайра даярдоодо, тандап алган спорттун түрлөрүнө карабастан, алар реалдуу пайдаланышса болот; жаш балбандар үчүн патриоттуулукка тарбиялоодо автор тарабынан сунушталган педагогикалык шарттардын мазмундарын, формаларын жана методдорун окутуу-машыгуу процессинде, ошондой эле алрдын натыйжалуулугун жана сапаттарын жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет; жаш балбандар үчүн атайынкы программа иштелип чыккан жана сунушталынган; негизделген илимий корутундулар жана практикалык сунуштар башка спорттун түрлөрүндө спортко даярдоодо окуу-машыгуу процессинде патриоттуулукка тарбиялоо максатында пайдаланса да болот.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, бул иш толугу менен ЖАК тарабынан коюлган талаптарга туура келет, ошондуктан – коргоого ишеним менен сунушталынса болот.

Диссертациялык иштин тандап алган адистигине, анда каралып жаткан суроолорго, анын чечилүүчү милдеттерине жана методдоруна, ошондой эле алынган илимий көрсөткүчтөрүнө каралып жаткан диссертациялын изилдөө 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук машыгуулар, денени чыңдоо жана адаптивдүүлүк физкультура адистиктерине дал келет.

ТОКТОМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

1. Миңбаев Доорбай Абдуллаевичтин «Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу окуучу жаштарды (12-14 жаштагыларды) патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери» аттуу диссертациясы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04 – дене тарбиянын теориясы жана методикасы, спорттук машыгуулар, денени чыңдоо жана адаптивдүүлүк физкультура адистиктери боюнча, айтылган

кемчиликтерди жана каалоолорду көңүлгө алуу менен ачык коргоого сунушталат.

2. Миңбаев Доорбай Абдуллаевичтин «Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу окуучу жаштарды (12-14 жаштагыларды) патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери» аттуу темадагы диссертациясынын корутундусу бекитилсин.

Жогоруда айтылган негиздерге таянуу менен, Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбиянын тарыхы кафедрасынын кеңейтилген чогулушу, каралып жаткан Д.А.Миңбаевдин «Кыргыз улуттук спорттук күрөшү аркылуу окуучу жаштарды (12-14 жаштагыларды) патриоттуулукка тарбиялоонун педагогикалык негиздери» аттуу диссертациясы тууралуу ачык шайлоо өткөрүлдү.

Макул – баардыгы

Каршы – жок

Калыс – жок

**Чогулуштун төрагасы:**

Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбия тарыхы кафедрасынын башчысы, п.и.д., профессор — Токсонбаев Р.Н.

**Чогулуштун катчысы**: окутуучу — Бектурганова Н.И.